«БЕКИТЕМИН»
Кыргызстан ислам университетинин
ректору Нарматов А.И.

"20" 05 2019-ж.

# Бакалавр академиялык даражасын бүтүрүүчү квалификациялык иштерин жазуу жана коргоо боюнча Жобо

## 1. Жалпы жоблор

1.1. Кыргызстан ислам университетиндеги бакалавр даражасы боюнча бүтүрүүчү квалификациялык иштер жөнүндө Жобо (мындан ары – Жобо) Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамынын, жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүн мамлекеттик аттестациялоо жөнүндөгү жобосунун (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-майындагы № 346-токтому менен бекитилген) жана КИУнун уставына ылайык түзүлдү.

1.2. Бакалавр академиялык даражасы үчүн бүтүрүүчү квалификациялык ишин аткаруу жана коргоо КИУнун бүтүрүүчүсүнүн жыйынтыктоочу аттестациялоо сынагынын жазуу түрүндөгү ыктыярдуу формасы деп саналат.

1.3. Бакалавр академиялык даражасы үчүн бүтүрүүчү квалификациялык иштер аткарылган курстук иштер менен долбоорлорду жалпылоого негизделип, теориялык окутуунун аягында жактоого даярдалат.

1.4. Студент бүтүрүүчү квалификациялык ишин коргоо менен окуу процессинде алган билимин гана далилдебестен өндүрүштүк чөйрөдө: мекеме, уюм, ишканаларда өзүнүн практикалык ишмердүүлүгүн сунуштоо ыкмасында көрсөтүшү абзел.

## 2. Бакалавр академиялык даражасы үчүн бүтүрүүчү квалификациялык иштерин аткаруу тартиби

2.1. Бакалавр академиялык даражасы үчүн бүтүрүүчү квалификациялык ишин аткаруунун максаты жана милдеттери.

Бакалавр академиялык даражасы үчүн бүтүрүүчү квалификациялык ишин аткаруунун негизги максаты – студекттин адистик боюнча алган теориялык жана практикалык билимин системалаштыруу, өнүктүрүү жана

аны турмушта колдоно билүү үчүн өз алдынча изденүүнү үйрөтүү жана ага багыт берүү.

Бакалавр академиялык даражасы үчүн бүтүрүүчү квалификациялык ишин аткаруунун милдеттери:

- адистик боюнча көйгөйлүү маселелерге карата өзүнүн жекече көз карашын калыптандыруу, жалпылаштыруу жана сын көз караш менен баалоо жөндөмдүүлүгүн өстүрүү;

- өз алдынча изилдөөнүн пландарын иштеп чыгуу, маалыматтарды топтоо жана аларга анализ жасай билүү. Интерпретациялоо жолу менен практикалык илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө даярдоо;

- жүргүзүлүп жаткан изилдөөсүндө актуалдуу, жаңы табуулар менен тийиштүү көйгөйлүү маселелерди чечүүдө конкреттүү сунуштарды иштеп чыгуу жана корутунду жасоо жолдорун үйрөнүү;

- практикалык иш аракеттер үчүн зарыл болгон өз алдынчалык, аналитикалык жана изилдөөчүлүк машыгууларды стимулдаштыруу, замапбап изилдөөчүлүк жана компьютердик маалымат технологиялары менен иштөөдөгү усулдарды үйрөнүү, коюлган максатка жетүүнүн жолдорун издөөнү үйрөнүү.

2.2. Бакалавр академиялык даражасы үчүн бүтүрүүчү квалификациялык иштерине коюлуучу талаптар:

- тандалган теманын актуалдуулугунун, теориялык жана практикалык маанилүүлүгүнүн аргументтештирүү;

- конкреттүү маселени изилдөөдө студенттин өз алдынчалуулугу жана системалуу иштөөсү;

- тандалган тема боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечимдерин, нормативдик-укуктук актыларын, жоболорун, инструкцияларын жана адистиги боюнча мурунку илимий изилдөөлөрдү колдоно билүү;

- бакалавр академиялык даражасы үчүн бүтүрүүчү квалификациялык иштеги дискуссиялык суроолор боюнча бүтүрүүчүнүн ар тараптуу талдап чыгуусун жана аргументтүү позициясын калыптандыруу;

- изилдөөнүн натыйжаларын так, логикалык ырааттуулукта баяндоо жана ишти сабаттуу, туура жасалгалоо.

Тандалган теманын үстүндө иштөөдө бирдиктүү талаптар кеңири демилгелүүлүктү жана чыгармачылык ишмердүүлүктү чектебейт.

## 3. Бакалавр академиялык даражасы үчүн бүтүрүүчү квалификациялык ишинин темасын тандоо жана бекитүү

3.1. Бакалавр академиялык даражасы үчүн бүтүрүүчү квалификациялык ишинин темасын туура тандоо иштин ийгиликтүү жыйынтыкталышына шарт түзөт. Бакалавр академиялык даражасы үчүн бүтүрүүчү квалификациялык иши студенттин жеке тандоосун эске алуу менен Университеттин атайын

бекитилген илимий-изилдөө темасы жана тийиштүү тараптардын сунуштамасы боюнча жүргүзүлөт.

Бакалавр академиялык даражасы үчүн бүтүрүүчү квалификациялык иштин темасын тандоо жана бекитүү төмөнкүдөй таризде жүрөт:

- бакалавр академиялык даражасы үчүн бүтүрүүчү квалификациялык иштин темасы тийиштүү кафедра тарабынан бекитилген жылдын темасына ылайык аныкталат жана бекитүүгө сунушталат.

- ар бир окуу жылында квалификациялык иштердин темаларын бекитүүгө сунуштоодон мурда акыркы беш жылда кайталанбашы эске алынат;

- ар бир бүтүрүүчү студент Университет белгилеген тартипте бакалавр академиялык даражасы үчүн бүтүрүүчү квалификациялык иштин темасын эркин тандоо укугуна ээ;

- бакалавр академиялык даражасы үчүн бүтүрүүчү квалификациялык ишти аткаруу үчүн студентке жетекчи жана сынчы бекитилет;

- бүтүрүүчү студент өзүнүн темасын аталышын кайра өзгөртүү үчүн КИУнун ректоруна тийиштүү мазмуундагы арыз менен кайрылат.

3.2. Бакалавр академиялык даражасы үчүн бүтүрүүчү квалификациялык ишинин темасын тандоодо төмөндөгүлөр эске алнат:

- изилденүүчү тема практикалык базанын талабына дал келүүсү;

- практикалык базанын конкреттүү материалдарын колдонуу мүмкүнчүлүгү;

- теманын окуу процесси чурундагы студент тарабынан даярдалган илимий доклад, макала, курстук иш ж.б.у.с. аткарылган иштериндеги илимий көз караштары менен дал келүүсү;

3.3. Бакалавр академиялык даражасы үчүн бүтүрүүчү квалификациялык ишинин темасы, илимий жетекчиси жана рецензенттери тийиштүү адистик боюнча кафедра башчысынын сунушунун негизинде декандын кол белгиси коюлуп, КИУнун ректору тарабынан бекитилет.

## 4. Бакалавр академиялык даражасы үчүн бүтүрүүчү квалификациялык ишин аткаруу тартиби, түзүмү жана мазмуну

4.1. Бакалавр академиялык даражасы үчүн бүтүрүүчү квалификациялык ишинин темасы бекитилгенден кийин студент теманын мазмунуна ылайык келген адабияттар менен таанышып, өз алдынча план түзөт жана аны илимий жетекчиси менен макулдашат. Түзүлгөн пландын негизинде бүтүрүүчү квалификациялык ишинин максатын жана милдеттерин коюп, аны чечүүнүн жолдорун издейт.

4.2. Бакалавр академиялык даражасы үчүн бүтүрүүчү квалификациялык ишинин мазмуну төмөнкүлөрдөн турат:

- титулдук баракча;

- киришүү;

- экиден кем эмес баптан турган негизги бөлүм (мисалы: эки бап, төрт параграф);

- корутунду;

- колдонулган адабияттардын тизмеси (12 адабияттан кем болбоого тийиш);

- тиркемелер.

4.2. Бакалавр академиялык даражасы үчүн бүтүрүүчү квалификациялык ишинин көлөмү ар бир адистик боюнча (информатика жана эсептөө техникасы багытынан башка адистиктер) 1,5 аралыктагы 14-шрифте печатталган тексттен туруп, жалпы 40 беттен кем эмес (кол жазма түрүндө 80 бет) 80 беттен ашык эмес көлөмдү түзөт. Оптималдуу вариант катары 50-60 бет сунушталат.

Бакалавр академиялык даражасы үчүн бүтүрүүчү квалификациялык ишин жазууда окутуунун тили эске алынышы мүмкүн.

Киришүү төмөнкүлөрдү ичине камтыйт:

- теманын актуалдуулугу;
- изилдөөнүн максаты жана милдеттери;
- изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү;
- көлөмү: 3-4 беттен ашпоого тийиш.

Негизги бөлүк баптар менен параграфтардан куралып, логикалык ырааттуулукта теманын мазмуунун ачып берет. Баптардын жана параграфтын саны изилденүүчү көйгөйлөрдүн жана каралуучу маселелерден көз каранды болуу менен, регламенттелбейт.

Негизги болук изилденип жаткан маселенин теориялык негиздерин, мазмунун жана аткарылган иштин негизги жыйынтыктарын чагылдырат.

Биринчи бап теориялык-методологиялык мүнөздө болуп, анда адабияттар менен тааныштыруу аркылуу изилденүүчү маселенин объектиси, предмети, изилденүү этаптары, илимий изилдөөлөрдүн натыйжалары жөнүндөгү маалыматтар талданат. Талдоонун негизинде студент өзүнүн көз караштарын аргументтештирет.

Кийинки баптар аналитикалык мүнөздө болот. Конкреттүү объектинин мисалында изилденип жаткан маселенин учурдагы абалы талданат. Мына ошентип, негизги баптарда максаттуу түрдө учурдагы тажрыйба анализге алынып баа берилет. Жыйналган алгачкы иш кагаздардын, статистикалык маалыматтардын негизинде өнүгүү тенденниясынын мыйзам-ченемдүүлүктөрү ачылып көрсөтүлөт жана теория менен практиканын байланышы чагылдырылат.

Корутундуда квалификациялык иштин темасынын изилденүү маселелери боюнча жыйынтыктарды, конкреттүү сунуштарды жана рекомендацияларды камтылат. Корутундулоо тезис түрүндө жазылып, 3-4 беттен турат. Корутундулар жана сунуштар аргументтүү болуп, практикалык маанилүүлүгү чагылдырылышы керек.

Колдонулган адабияттардын тизмеси менен квалификациялык иш аяктайт. Адабияттардын тизмесине ишти аткарууда объективдүү пайдаланылган гана басылмалар киргизилет.

Тиркемелер квалификациялык иш үчүн жардамчы материал болуп кызмат көрсөтөт жана ага аралык эсептөөлөр, таблицалар, сандык маалыматтар, формулалар, иллюстрациялар кирет. Квалификациялык ишти жазуу процессинде студент кафедра тарабынан белгиленген мөөнөттөрдө илимий жетекчисинен кеңеш алып турат.

4.3. Педагогика багытындагы билим берүү программалары үчүн бүтүрүүчү квалификациялык иш окутуунун усулдары боюнча жазылышы керек жана илимий багыттагы иштердин бир бабы мектеп (орто кесиптик билим берүү) программаларында колдонулушунун усулу камтылышы зарыл.

## 5. Бакалавр академиялык даражасы үчүн бүтүрүүчү квалификациялык ишин жасалгалоо

Бакалавр академиялык даражасы үчүн бүтүрүүчү квалификациялык ишин жасалгалоодо төмөнкүдөй талаптар коюлат:

- квалификациялык иш (кафедранын чечими менен кол жазма же компьютерде) окутуунун тилин (мамлекеттик, расмий ж.б.у.с.) эске алып, сабаттуу жазуу;

- квалификациялык иштин баш сүйлөмдөрүндөгү сөздөр ташымал болбойт, параграфтын, схемалардын, таблицанын аталыштары беттин акырына жазылбайт;

- тексте колдонулуучу терминдер кыскартылган түрүндө жазылуусу мүмкүн, бирок термин биринчи колдонулган учурда толук чечмеленилиши керек;

- текст таза барактын бир жак бетине А4 форматына (210-297 мм) жазылат жана төмөнкүдөй чен өлчөмдөр сакталышы керек: барактын жээгинен текст сол жагынан 30 мм кем эмес, он жагынан 10 мм, жогору жана төмөн жагынан 20 мм калтырылып жазылат;

- киришүү, бап, корутунду, колдонулган адабияттардын тизмеси жаңы барактан башталып жазылат;

- текстеги бап жана бөлүмдөрдүн аталышынан кийинки текстин аралыгы 12 мм же 3 интервалга, ал эми текстин акыркы сабынан андан кийинки жазылуучу текстин аталышына чейинки аралык 16 мм же 4 интервалга барабар болуусу керек;

- текстти баяндап жазууда логикалык байланыш сакталуусу зарыл, иштин бөлүктөрүнүн аталышы андагы чагылдырылуучу материалдын мазмунуна толук жооп бериши керек;

- элементтерди, белгилерди саноодо дефис, сандар, тамга белгилери колдонулат;

- таблицаларды, иллюстрацияларды, формулаларды номурлоо баптып чегииде араб цифралары менен белгиленет.

Титулдук баракча квалификациялык иштин биринчи бети болуп саналат. Квалификациялык иштин мазмуну титулдук баракчадан кийин жайгашат жана квалификациялык иш жазылып бүткөндөн кийин жасалгаланат. Анда баптардын жана парафафтардын аталышы, беттердин катар номери коюлат. Беттердин катар номери титулдук баракчадан баштап тегиз ирети менен эсептелип коюлат. Титулдук баракка номер коюлбайт.

Текстеги иллюстрация, формулалар, чиймелер озунчо беттерге жазылып, номурлоого кошулат. Көлөмдүү форматтагы чиймелер, иллюстрациялар тиркемеге жайгаштырылат. Таблицадан мурун текст жазылып, анда мааниси боюнча төмөндөгү таблицанын материалып карап чыгуу зарылдыгы келип чыгышы айтылат. Ар бир таблица статистикалык талап боюнча жабдылып, иштин мазмунуна толук жооп бере турган так тематикалык аты болот. Жогорку жагынан оң тарабында «Таблица» деген сөз баш тамга менен жазылып, номурланат. Бардык таблицаларга текстте шилтеме болуш керек. Таблица биринчи шилтемеден кийин берилет. Таблица ташымалданса, анын графалары катары менен араб цифралары менен номерленип, ал номер кийинки бетте да көрсөтүлөт. Таблицадагы бөлчөк сандар ондук бөлчөк түрүндө, сандык белгилери болсо бир графанын ичинде бирдей сандагы ондук белгилерден турат. Иллюстрациялар текстте көрсөтүлгөн биринчи шилтемеден кийин жайгашып, так жана көркөм болушу зарыл.

Иллюстрациялар жалпы негизде «Сүрөт» деп белгиленет жана номурланат. Эгерде иллюстрация квалификациялык типте бирөө гана болсо, ал белгиленбейт жана номурланбайт.

Формулалар саптын ортосунда жайгаштырылат, анын мааниси, символдору, сандын коэффициенттери формуланын төмөн жагына көрсөтүлөт. Ар бир символдун жана сандын коэффициеитинин мааниси жаңы сапта берилет. Эгерде формула бир сапка батпаса ал кайсы бир белгиден кийин ташымалданат. Квалификациялык иштин акыркы бетинде текст жазылып бүткөндөн кийин бүтүрүүчү студенттин колу жана аткарылган күндүн мөөнөтү жазылат. Жазылып бүткөн квалификациялык иш мукабаланып, китеп калыбына салынат.

## 6. Квалификациялык ишти коргоо жана сактоо

6.1. Бүтүрүүчү студент кол койгон квалификациялык иш илимий жетекчиге берилет. Илимий жетекчи квалификациялык ишти карап чыгып, жактыргандыгы жөнүндө ой-пикирин жазып, кафедра башчысына өткөрүп берет.

6.2. Илимий жетекчи тарабынан жазылган Ой-пикирде төмөнкүдөй шарттар белгиленет:

- бүтүрүүчү студенттин даярдыгы;
- теориялык жана пракгикалык деңгээли;
- изилдөө ишин аткаруудагы өз алдынчалуулугу.

6.3. Кафедра башчысы жана адистиги дал келген профессордук-окутуучулук курамдан турган комиссия бүтүрүүчүнүн квалификациялык ишин атайын бекитилген графиктин негизинде алдын ала коргоодон өткөрөт.

Алдын ала коргоодон өткөрүүдө төмөнкүдөй талаптар коюлат:
-теманын максаты жана милдеттеринин чечмелениши;
- иштин мазмунунун темага дал келиши;
- көчүрүп жазуу (плагиат) бобоосу;
- корутундулоонун негизсиздүүлүгү;
- колдонулган адабияттардын ырааттуулугу.

6.4. Алдын ала коргоодон өткөрүү жараяны протокол менен белгиленип, кафедра башчысынын колу менен тастыкталып, сыноодон өткөрүү үчүн рецензентке жөнөтүлөт.

6.5. Рецензент катары ишканалардын, илимий мекемелердин жогорку квалификациялуу адистери жана окуу жайдын окутуучулары дайындалат. Рецензиялоодо аткарылган иш беш баллдык система боюнча бааланат жана рецензент иштеген мекеменин бланкасына жазылат же/жана мекеменин мөөрү менен тастыкталат.

6.6. Бакалавр академиялык даражасы үчүн бүтүрүүчү квалификациялык иши рецензенттин сынынан өтүп, рецензиялангандан кийин өзгөртүү жана толуктоолор киргизүүгө болбойт.

6.7. Студент коргоого эки күн калганда жетекчинин Ой-пикири жана рецензенттин Сын-пикири менен тааныштырылат жана бакалавр академиялык даражасы үчүн бүтүрүүчү квалификациялык ишин коргоого уруксат берилет.

6.8. Квалификациялык ишти коргоо учурунда илимий жетекчи менен рецензент катышуу укугуна ээ.

6.9. Бакалавр академиялык даражасы үчүн бүтүрүүчү квалификациялык ишин коргоо процедурасы 30 минутага чейин созулат. Квалификациялык ишин коргоочу студентке квалификациялык иштин мазмуну жана айкын сунуштарды камтыган доклад жасоого 15 мүнөт убакыт берилет.

6.10. Коргоочунун докладынан кийин Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын (мындан ары – МАК) мүчөлөрү тарабынан ар тараптуу бирок, кыскача жооп берүү үчүн ага теманын алкагында суроолор берилет.

6.11. Бакалавр академиялык даражасы үчүн бүтүрүүчү квалификациялык ишин коргоо процедурасы аяктаган соң, МАКтын жабык кеңешмесинде коргоонун натыйжалары талкууланат жана «5» баллдык баалоо боюнча көпчүлүк добуш менен анын ишин баалоо чечими кабыл алынат жана квалификация берүү жөнүндөгү жыйынтык чечим жарыяланат.

6.12. Бакалавр академиялык даражасы үчүн бүтүрүүчү квалификациялык ишин коргоонун жыйынтыктары жөнүндөгү белгилер жана МАКтын бүтүрүүчүгө квалификация ыйгаруу жөнүндөгү токтому техникалык катчы

тарабынан сынак китепчесине толтурулат жана МАКтын төрагасы (төрайымы) менен мүчөлөрүнүн кол белгилери коюлуп, тастыкталат.

6.13. Квалификациялык иштер корголуп бүткөндөн кийин техникалык катчы же бүтүрүүчү кафедранын башчысы тарабынан 15 календардык күндүн ичинде КИУнун архивине акт түзүлүп, өткөрүлүп берилет. Тапшыруу, кабыл алуу жөнүндөгү актынын бир нускасы окуу бөлүмүнө тапшырылат.

**Түзгөн:**
**Гуманитардык билимдер**
**факультетинин деканынын м.а.** **Ш. Исмаилов**

Тиркеме 1

КИУнун академиялык даражасы үчүн бүтүрүүчү квалификациялык ишинин титулдук барагы

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗСТАН ИСЛАМ УНИВЕРСИТЕТИ**

**ГУМАНИТАРДЫК БИЛИМДЕР ФАКУЛЬТЕТИ**

**_____________________ КАФЕДРАСЫ**

Коргоого уруксат берилди:
“________” кафедрасынын жетекчиси
Эшматов Т.Э.
“____” ________________ 20______-ж.

**Асанов Үсөн Асанович**

**«----------------------------------------------------------------»**

Илимий жетекчиси:

т.и.к., проф. Үсөнов А.Ү.

Бишкек, 20_____

Тиркеме 2

**Асанов Үсөн Асановичдин**
**«--------------------------------------------------------------»**
аттуу бүтүрүүчү квалификациялык ишине

## ОЙ-ПИКИР

Бакалавр академиялык даражасы үчүн бүтүрүүчү квалификациялык ишин илимий жетекчинин элегинен өтүү үчүн үчүн төмөнкүдөй сыноо критерийлери эске алынат.

Изилдөө темасынын актуалдуулугу.

Изилдөөнүн объектиси.

Изилдөөнүн предмети.

Изилдөөнүн максаты.

Коюлган максатка жетүү үчүн коюлган милдеттер.

Илимий изилдөөнүн жаңылыгы.

Изилдөөнүн практикалык мааниси.

Изилдөөнүн структурасы.

Изилдөөчү Асанов Үсөн Асановичдин квалификациялык иши бакалавр академиялык даражасын алуу талаптарына дал келет жана эң жогорку (жакшы, орто, канаатандаралык) баага татыктуу.

**Теология кафедрасынын профессору** **Т. Эшматов**

«____» ______ 20_____-ж.

Тиркеме 3

**Асанов Үсөн Асановичдин**
**«-------------------------------------------------------------»**
аттуу бүтүрүүчү квалификациялык ишине

## СЫН-ПИКИР

Бакалавр академиялык даражасы үчүн бүтүрүүчү квалификациялык иши рецензенттин сынынан өтүү үчүн төмөнкүдөй сыноо критерийлери эске алынат:

1. Изилдөө темасынын актуалдуулугу.
2. Изилдөөнүн объектиси.
3. Изилдөөнүн предмети.
4. Изилдөөнүн максаты.
5. Коюлган максатка жетүү үчүн коюлган милдеттер.
6. Изилдөөнүн жетишкендиктери жана кемчиликтери.
7. Квалификациялык иштин жасалгасынын сапаты.

Изилдөөчү Асанов Үсөн Асановичдин квалификациялык иши бакалавр академиялык даражасын алуу талаптарына дал келет жана эң жогорку (жакшы, орто, канаатандаралык) баага татыктуу.

**Теология кафедрасынын доценти** **Т. Эшматов**

«____» ______ 20_____-ж.